**Бишкек аймактык шайлоо комиссиясына**
Бишкек ш. Москва көчөсү 15
Tikbishkek@gmail.com

**Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Бишкек шаары боюнча жетектөө болумунө**

**Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгына**

**Кыргыз Республикасынын жараны**
**Акунов Урмат Бектемировичтен**
дареги: Нарын облусу, Нарын району,
Орто-Нура айылы, Стамбек ата көчөсү 15
тел.: 0700 112254

2021-жылдын 27- мартында Бишкек шаарынын Патриса Лумумбы 84 көчөсүндө жайгашкан көп кабаттуу үйлөрдүн алдына шагыл түшүрүлүптүр. Жергиликтүү тургундардын айтуусунда, бул шагылды НДПК партиясынын өкүлдөрү түшүрүп кеткендей. Бирок "НДПК" деп партиянын атын атабоомду өтүнүштү. Жук ташуучу "Хово" автомашинасынын мамлекеттик номери 01KG 147 AFZ видеодо бар. Башка партиянын өкүлдөрү да үгүт иштери менен жүрүшүп, кайсы партия түшүргөнүн аныктоонун үстүндө экен.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 28-беренесинин "Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү укугун кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестик" 3-бөлүмүнө ылайык, "Шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырууга: шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө; шайлоочуларга белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды тапшырууга; товарларды жеңилдетилген баада сатууга; талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын символун, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмеге ылайык талапкердин сүрөтүн камтыган басылма үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды кошпогондо, ар кандай товарларды акысыз таркатууга; акысыз же жеңилдетилген шартта кызмат көрсөтүүгө тыюу салынат"- делген. Дал ушул берене боюнча мыйзам бузуу болду.

Тергөө органдары, бул мыйзам бузуулар боюнча иштин жыйынтыгын "koom.press" сайтына да чыгарып коюңуздарды өтүнөм.

Бул шайлоодогу мыйзам бузууларды көрүп туруп, жарандык позициямды айтып коюуну туура көрдүм. Сиздер изилдеп, тийиштүү органдар тергөө жүргүзүп бул ишке мыйзамдуу баа берилет деп күтөм. Коомдун талабы ушул. Акыйкат шайлоону күтөбүз.

*Тиркеме: Шагыл түшкөндөгү жол (видео, фото)*

Ч. Б Акунов
31. 03. 2021. г.

Вх. № 453 от 31.03.21г




2021.03.21 16:24